**Сабактын темасы**: Кыз келечектеги-уйдун куту.

**Сабактын максаты**:

**а)Билим беруу**: Кыз баланын мугалимден, айлана-чойродон алган билими.

**б)Тарбиялуулугу**. Уйдон энесинен алган таалим тарбиясы.

**в)Эмгекке тарбиялоо**: Уй-булодо энесине берген жардамы жана келечекте озу колдоно билуусу. «Эмгектенсен узурун коросун (чон энелер созу)

**Сабактын жабдылышы.**

**Сабактын журушу**: 1)Уюштуруу

2)Ангемелешуу турундо сабак отуу.

**Мугалим**: Суйунчу, суйунчу! Кыз бала торолду, мед айымдар атасына, чон энесине, таенесине суйунчулоп суйунчу алат. Апасынын жардамчысы, кенешчиси карыганда насаатчысы торолду. Наристенин торолушу кубаныч алып келет.

**Сабина**: Наристе торолгондо чон энеси кошуналарга карындагы сары майды жана жентек бузат. Колунда бар тамак-ашы менен чай берет. Баланы сары май менен оозандырат. Анын мааниси: Эч нерседен кем болбой майлуу тамактарды жесин, суйлогон созу эм болсун деп ырым кылганы.

**Нурайым**: Туугандары, таекелери, таенеси, таежелери наристени урматтап жентектеп келишет. Акча, тыйын, кийим-кечек белекке беришет. Таятасы козу, торпок, же кулун энчилейт. Таенеси бешикти ороо чылгоосу менен бут жасалгалап алып келет. Уйдун ээси конокторду алынын келишинче сыйлап узатышат. Улуу таекесине баланын карын чачын алдырып, чапан жабышат.

**Асел**: Сыйлуу жашы отуп калгпн байбичелер баланы бешике салышат. «Арчанын омурун берсин»,- деп арча менен аласташат. Бешикти, шимекти майлайт. Он сол чуколорду коюп баш жагынан которуп: «Он бол, он бол» дегенде чуколор култукко тушот.Анан баланы бешикке болошуп: "Беши эне бек карма, умай эне уйку бер»,- деп баланы бешикке танат.

**Аэлита**: Жабуусун жаап келин бешикти которуп, байбичелерге жугунот. Байбичелер эн жакшы создор менен бата беришет. Бешик-ыйык буюм. Куру бешикти терметпейт. Анда бул дуйного келген наристе жатат.

Баланын тазалыгы, организми ойдогудай осушу учун бабалардан калган таберик. Ал кочуп конууга да ынгайлуу болгон.

**Элина**: Бир жашка чыкканда тушоо тою берилет. Ак-кара жиптен имерип, баланын бутун байлап (кара нниет адамдардан алыс болуп ак-ниет, ак-пейил, ак-адил жолдору таза ак болсун) мурда сатылып алынган маки менен биринчи чуркап келген бала жипти кесип баланын бир колунан жетелейт, бир колунанан урматтуу байбичелердин бироо жетелейт, тай-тайлап бастырат. Чуркаган балдарга сыйлык берилет. Жигиттер экинчи жолу чуркашат. Келин-кыздарда чуркап баары сыйлык алышат. Коноктор урматтоо менен узатылат.

**Саламат**: Эки жашында кулагын козотуп алтын сойко салышат. Алтын сойкону эжелери, таежелери салат. Аларга койнок, жоолук белекке берилет.

**Касиет**: Уч жашында апасы чачын ордурот. Оруууго жараган кичинекей чачты оруп, учун ак жип менен байлайт. Моюнуна шуру тагып чачына кок мончок тагат. Колунда бар белегин берет. Мындай салттар элибиздин сыйын адамгерчилигин билгизет. Мына ушул уч жашынан баштап эле ар турдуу жумушту уйрото баштоо керек. Киймин озу чечип, озу киет. Ойноп бутрондо оюнчуктарын жыйнайт.

**Аида**: Торт жашында дасторконго чыны, кашыктарды алып келет. Бут кийимин озу киет. Бою жеткен жерлердин чанын суртот. Уйдогу гулдорго суу куят. Уктап тургандан кийин тошончусун озу жыйнайт.

**Жанетта**: Алты жашында чыныларды озу жууйт. Топчусун озу кадайт. Апасынын жардамы менен киймин утуктойт уй ичин шыпырат. Апасы манты чучвара жасай турган болсо кошо туюшот.

**Бермет**: Жети жашында картошка, сабиздин кабыгын арчып, куручтун курмогун жана ташын теришет. Сегиз жашында уйго жакын дуконго барып сут,нан ж.б азык-тулукторду сатып келет. Мектеп формасын озу иретке келтирет.

**Адинай**: Тогуз, он жашында кичине буюмдарды машинага тиккенге уйронот. Жумуртканы, картошканы куурганды уйронот. Тактай жууп уйлорду жыйнайт. Кыз дайыма дасторкондо торго атасы менен катар отурат.

**Медина**: Он бир, он эки жашында апасынын жардамчысы болуп кичинекей бобогун багат. Тамак берип ойнотот. Уйду карап киши келсе чай берет.

**Мугалим**: Он уч, он торт жашында кыздар пирог жасап, уйдогулорго чай берет. Бобогуно уй тапшырмасын аткарттырат, озу сабака даярданат. Кир жууйт, бобогун кийинтип, мектепке окуусуна алып барат алып келет. Он беш жашында уйдогу бардык жумушту аткарат. Тамак, максым жасап, нан салат. Ата-энеси конок тосо турган болсо, столду жасап, тамак-аштын турун коет. Чайды женеси куят.

**Сабина**: 14,15,16,17 жаштагы кыздар. Кыз балага айрыкча энеси конул буруусу керек. Уй булодо бири-бирин урматтоонун негизинде бири-бирин сыйлоо, бири-бирине болгон аруу сезимдер келип чыгат. Бири уялчаак болсо, бири чечкиндуу болот.Кыздардын откоол маалында уйдон эне, мектептен мугалим психологиялык жактан доо кетирбей, он жакка буруп, келечекте жакшы инсанды тарбиялоо керек. Жакшы адамдарды мисал келтирип, -«мен ошол эжедей болом» дедирип, алдына максат койдуруу керек. Чон кишилердей мамиле кылууга аракеттенуу керек. Кундо эле бир нерсени айтып асыла бербоо керек.Кызды жадатып жиберет. Кенешип, оз ойлоруна коюу да, ишенич корсотуу аларга жагымдуу болот. Ата-энеден ыйбаа кылуу керектигин тушундуруу керек.Ата-эненин журум-туруму да уй булодо эн чон таасирин тийгизет.Эне озу улгу болуш керек.

**Нурайым:** 18,19,20 жаштагы кыздар. Коркомдук жактан тарбиялоо эстетикалык ан-сезимин корком-чыгармачылык жондомдуулугун онуктурот. Кыздарга сайма саюну уйротуу керек. Сайма саюу улуттук коз караш болсо, экинчиден уйдон чыкпай ашыкча баспаган кожейке болууга ундойт. Жаман адаттардан алыс болот. Узчулук-сылыктыкка сыпайычылыкка, адептуулукко алып барат.Мындан сырткары уйго гул остурууну адат кылууга уйротуу керек. Гулдой назик, гулдой жаркыраган адам болууга чакырат.илгери кыздарды гулго салыштырышкан. Жуктун бурчуна отургузуп, ата-энелер сулуу кыздары менен сыймыктанышкан. Ата-бабалардан бери кызды укмуштай урматтап келишкен.

**Асел**: 20-25 жаштагы кыздар. Сойко салуу.

Кыз жигит менен суйлошуп, создору бышкандан кийин бала женеси аркылуу ата-энесине билдирет.Ата-энеси кенешип, «оз каалаганын алсын» деген ниетте эки женени кыздын ата-энесине жиберет. Куда тушуунун башталышы. Баланын эки женеси келип, кызга сойко салып, самыны менен тарагынын тазалыгын байкап кетишет. (Эгер тарагы менен самыны таза болсо, чыйрак таза келин чыгат. Тарагы менен самыны кир болсо,жудоо чыгат дешкен).Уй ээси урматтап женелерди ыраазы кылып,узатышат.

**Аэлита**: Жуучу  тушуу.

Кыздын  болочок  кайын  ага, кайын  энеси  келип, жуучуга  келишет.Чай ичип, кобурашып  отурушат . Бала менен кыздын атасы обочолонуп уйдон чыгышып акырын аста айтылат. Кыздын атасы кабыл алат сыйлоо менен узатышат. Калпак кийгизип ак жоолук салышат. Тойду кандай откоруу жонундо суйлошот.

**Элина:** Кыз узатуу.

Кыз узатуу – бул биринчи жолу ата-энесинин уйунон аттанаар алдындагы берилуучу улпот. Илгери той бир нече кунго жайлоодо мал семирген кезде куйоо бала жолдоштору менен келип тушкон. «Алты бакан селкинчек» жоолук таштамай, ак чолмок, Шакек жашырмай оюндары кун-туну менен болгон. Эки тараптын жаштары буга бирдей катышкан. Кызды аткаруу куну эки женеси шокулону, саймалуу чыптамасын кийгизип, шакек, билерик, чолпусун тагат. Жасалга жабдыгы бар атка мингизип кошок, жар жар айтышат.Окул ата шайланып, ырымын жасайт. Кызга белек тартуулайт эки женеге, куйоо бала женкетай берип, кызды алып кетишет.

**Саламат:** Келин келди.

Келин келди келин келди ырыскыны ала келди дешип, ардактуу байбичелер, чачыла чачып, тосуп алат. Айылдагы элдерге туугандарга чон той берилет. Келин кошогодо отурат. Кайын синдилери жандап, кирип чыгып, женесине дасторкон жасап, чай менен сыйлашат. Эл шайырлары тойду ырдоо менен, жаштар бийлоо менен откорушот.Нике кыюу, окул ата шайланат. Келген элдер чын дилинен ак батасын беришет. «Бата менен эл когорот, жамгыр менен жер когорот».

Чач ордуруу.

Нике кыйылган кундун эртеси айылдагы байбичелерди, келиндерди чакырып, чачын экиге болуп ордурот. Бир жагын окул эне экинчи жагын коп жашаган байбичеге ордурот. Экооно тен кайнене колунан келген койнок жоолугун салып, чапан жабат. Келечекте ырыс-кешиктуу байбиче болуп, уйдун куту болуу ырымы,Батасын берип. Ыраазы болуп кайтышат.

**Аида:** Калын беруу-кыздын ата-энесин урматтоо парз. Ак тилек менен бироонун ал мончоктой кызын туболук булоо кылып алат. Андан небере чоборо коруу максатын коздойт. Калын беруу абалтан келе жаткан салт. Колунан келгенин берет. Илгери тогуздап мал менен калын беришкен. Бири бирин сыйлашуу, омур бою кудалар сыйлашып тойлордо чакырышып бирге болушат.Куда кудагыйлар бири биринин баркын которушот.

Торкулотуу. 25 – 30 жазтагы келиндер.

Бул турмушка чыккан кызды ата-энесине, туугандарына кийит алып, тамак аш алып атайын келет. Бир нече, кунго жатып сагынычын таркатат. Кайнене, абысыны, куйоосу балдары менен келет. Торкулотуу-элдик салтты кармоо. Атасы кызына бээ жетелетет. Жээндерине жээн аяк карматып козу, кой, торпок, кулун энчилейт.

**Жанетта:** Келин кайненеси экоолоп дасторконун жайнатып себин алууга кам корот. Дасторкон-биздин кучубузго куч, демибизге дем кошуп кармап турган мандайыбызга энчиленип берилген нерсенин бири аба,суу менен катар тамак аш. Туркун тамак жасап, колу берекелуу тасмалы жайнаган байбиче болду.

Сеп (кыз себи)-корком буюмдардын жыйындысы. Ата-энесинин кызга берген белеги. Бул сеп беруу каада салты. Кыздын эки женеси алып келген жууркандарды эки болуп жыйышат. Буюм – теримдер оз оорду менен коюлат. Кудагыйлар сеп коруу аземине абдан конул бурушат. Эки женеге ырымы берилет. Кудалары озунчо жолдук ташташат. Энесине – тогуз ай которуп толгонуп ак сутунду эмиздин деп «сут акы» беришет. Музоолу уй жетелетет, колунан келишинче баштан аяк кийим тартуулайт. Кыздын энеси ыраазы болот.

**Бермет:** Куржун соктуруу – кыздын торкундору алып келген кешикти айыл ичиндеги улуу байбиченин бирине чечтирип оозун ачтырат. Эн улук устуканын жана ичине оролуп келген жоолук койногун алат. Калганын тегерек тартып отурган байбиче келиндерге берип момпосуй боорсоктон оз тийишет.

**Касиет:** Кайнене менен келин. 30 – 50 жаштагы аялдар.

Келин келгенде кайнене ак батасын берет. «Эне тарбиясын коргон жене сыйын коргон дедиртип» келин намыстанып, колунан келишинче бул уйго конууго аракет кылат. Кайненеден келин акыл уйронот айтканын аткарат. Кайнене келиним жакшы чыкса экен дейт. Анан ундоосу жакшы тарапта болот. Туболуктуу энеси болот. Тамактын алдын кайненеге ооз тийгизет. Эртен менен эрте кайната кайненесине жугунуп ач карын бата алат. Жугунуу – орун очок алуу, торкундордун мандайын жаруу. Келген жердин конулун агартуу. Тик карабайт, унун которунку чыгарбайт. Чайды адептуулук менен сол колду чыканака алып он кол менен чай сунат. Келген жерден баар таап, уругун остурот.

**Адинай:** 50-60-70-80 жаштагы байбичелер.

Орун очок алып, кыз берди, келин алды, куттуу байбиче болду, абышкасы менен ээрчишип, неберелеринин чоборолорунун тоюна барышты. Кадырман карыялардан болуп кыбыранында бешик тоюна катышышты. Бар болгула кадырман карыялар. Карысы бардын ырысы бар деп сыйдын устундо болушту. Тойлордо бата беришти.

**Мугалим:** 80-90 жаштагы кутту байбичелер.

Оо жараткан! Элибизге тынччылык берип, эл ичинде аман болгула. Ден-соолук болуп, омур берсин. Ыйман ызаат урмат берсин. Сарай толо дан, дасторкон толо нан, уй толо жан берсин. Мандай терин, адал эмгек менен ийгилик келсин. Онорлуу болуп кор болбо. Мандайында жылдызын жанып, коломтодо отун очпосун. Ак пейил, ак ниет, ак адил болуп Ак араласын. Кут даарысын кутту байбиче бол. Ак батаны тенирим кабыл кылсын.

**Бышыктоо:** Кыздардын келечеги кен ден- соолугу чын болуп, келечектк уйдун куту болушсун.

**Тапшырма:** Ар бир кыз жаман адаттардан алыс болуп, озун озу уйдун куту болууга даярдасын.

Бишкек шаарындагы №55 – орто мектебинин Эмгекке уйротуу мугалими, Эл агартуунун отличниги  Мамбетова Кулуйпа Акматалиевна.